# 5 ОГОРОДДОРДУ ЖАНА ЖЕР УЧАСТОКТОРУН САНКЦИЯСЫЗ КЕҢЕЙТҮҮГӨ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ.

## Огороддорду жана жер участокторун өзүм билемдик менен кеңейтүүгө каршы кантип күрөшүү керек

**1 ОГОРОДДОРДУ ЖАНА ҮЙДҮН ЖАНЫНДАГЫ УЧАСТОКТУ КЕҢЕЙТҮҮНҮН МЫЙЗАМСЫЗДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ РАСМИЙ ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨ ЭСКЕРТҮҮ**

↓

Эгерде талаптар көңүлгө алынбаса же баш тартуу болсо

↓

**2 АНДАН КИЙИН КААЛОҢУЗ БОЮНЧА ТӨМӨНКҮ ЖАКТАРГА КАЙРЫЛА АЛАСЫЗ:**

- ЖӨБ ОРГАНДАРЫ ЖЕ АКСАКАЛДАР СОТУ
- ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАТТОО ОРГАНЫ
- МЕДИАЦИЯ
- МИЛИЦИЯГА ЖЕ ПРОКУРАТУРАГА

↓

Эгерде чечимге канааттанбасаңыз

↓

**РАЙОНДУК СОТ**

↓

Эгерде чечимге канааттанбасаңыз

↓

**ОБЛУСТУК СОТ**

↓

Эгерде чечимге канааттанбасаңыз

↓

**ЖОГОРКУ СОТ**

# 5 юридикалык процедура

# Жеке менчик жерлердин эсебинен огороддорду жана жер участокторун өзүм билемдик менен кеңейтүү фактыларына кантип каршы турууга болот?

## БУЛ ЖОЛ-ЖОБОНУН ЭТАПТАРЫ

### 1-кадам. Оозеки / жазуу жүзүндөгү эскертүү

Жердин чегин бузуучуга жерди кеңейтүүнүн мыйзамсыздыгы жөнүндө оозеки, же жазуу жүзүндө эскертүү жана басып алынган жерлерди бошотууну талап кылуу зарыл;

### 2-кадам. Көңүл бурулбаса же баш тартылган учурда иш-аракеттердин тартиби

Көңүл бурулбаса же баш тартылган учурда:

- Аксакалдар сотуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жергиликтүү каттоо органына (мурдагы Мамкаттоо) даттануу же медиация жолу менен чечүү.
- Басып алынган жериңизге болгон укугуңузду коргоо үчүн милицияга/прокуратурага кайрылуу же дароо сотко доо арыз менен кайрылуу.

### Юридикалык кароо:

Укук бузуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 149-беренесине ылайык бөлүнгөн же бекитилип берилген жер участогун өз эркинче кеңейтүү укук бузуу болуп саналат жана жеке жактарга 30 000 сом, юридикалык жактарга 100 000 сом өлчөмүндө айып салууга алып келет.

## РЕСУРСТАР

Тиркелген документтер жана байланыш телефондору
(2023-жылдын 31-декабрына карата берилген):

| |
|---|
| Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча жергиликтүү каттоо органдарынын байланыш телефондорун төмөнкү телефон аркылуу алууга болот: (0312)30-06-45. Э-дарек: eicn01@cadastre.kg и eicn01@mail.ru или на “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин сайтында: https://cadastre.kg/svc-portal/about/aboutpayment.do. |
| Бардык райондук жана шаардык соттордун байланыш телефондорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун сайтынан http://sot.kg/ “Жергиликтүү соттор” рубрикасынан, Электрондук дарек: vskr@sot.kg Тез байланыш +996 (312) 62-19-25 же “Прокуратура жана соттор” рубрикасындагы “Сары барактар” онлайн телефон маалымдамасынан алса болот https://yellowpages.akipress.org/page:1/cats:180/ |

